И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы жана тең уюштуруучу С. Б. Данияров атындагы кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтуна караштуу Д 03.23.68 диссертациялык кеңештин эксперттик курамынын 03.02.03 – микробиология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн Бектурганова Бааркул Шаршенбековнанын «Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын негизги материалдарын экспертизадан өткөрүү боюнча

АКТ

И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана тең уюштуруучу С.Б. Данияров атындагы КР медициналык адистерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу мамлекеттик институтунун алдындагы биология илимдеринин кандидаты боюнча Д 03.23.685 диссертациялык кеңешинин төмөнкү курамдагы эксперттик тобу:

1. Канаев А. Т. - б.и.д., профессор, Биотехнология илим-изилдөө институтунун жетекчиси
2. Мырзабекова У. Дж. – б.и.к., доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ботаника жана өсүмдүктөрдүн физиологиясы кафедрасынын башчысынын м.а.
3. Аргынбаева А. - б.и.к., доцент, Эл аралык медициналык факультет

Изденүүчү Бектурганова Бааркүл Шаршенбекованын 03.02.03 – микробиология адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын негизги материалдарын экспертизадан өткөрүштү.

Комиссияга төмөнкү материалдар көрсөтүлдү:

1. Диссертацияны изилдөөдөгү жыйынтыктарды каттаган журнал (мөөрү менен бекитилген).

2. Изилдөөдөн алынып өстүрүлгөн микроорганизмдердин (козу карын, бактерия, актиномицет) микроскоптон көрүнүшү.

3. Лабораториялык изилдөөнүн жыйынтыгы.

4. КР мамлекеттик интеллектуалдык менчик кызматы тарабынан 1 ойлоп табуу.

5. Диссертациянын авторефераты орус жана кыргыз тилинде.

6. Диссертациянын темасы боюнча 9 илимий макала, анын 2өө Web of science та, 7өө рецензияланган журналдарда жана эл аралык конференцияларда жарыяланган.

7. Б. Ш. Бектурганова "Микроорганизмдердин ар кандай экологиялык шарттарга ыңгайлашуу механизмдери" II эл аралык бүткүл россиялык илимий конференцияга (Иркутск,2022-жыл); Кыргызстандагы токой экосистемалары жана мөмө бактарындагы бактериялык күйүктүн очокторун аныктоо жана патогенге каршы биологиялык агенттерди баалоо аттуу 3- Эл аралык илимий актуалдуу жана багбанчылыктагы иновациялар боюнча конференциясына, Багбанчылык институту, (ЛАММК, 2022); "Илим жана инновация", Өзбекстан Республикасынын Илимдер академиясынын 80 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференцияга (Ташкент, 2023) катышкан.

8. Ишке киргизүү актылары – 2 даана (анын ичинде илимий жана практикалык)

Текшерүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды: Суук аймактагы жашоого ыңгайланган, геномунда биотехнологиялык мааниге ээ болгон гендерди кармаган бактериялардын, актиномицеттердин жана козу карындардын лабораториялык коллекциясы түзүлгөн. Мындай сейрек кездешүүчү микроорганизмдер бөлүп чыгарган пайдалуу биологиялык активдүү заттардын, метаболиттердин негизинде айыл чарба биотехнологиясында колдонулган биопрепараттардын түрлөрү лабораториялык жана талаа шарттарында сыноодон өткөрүлгөн. Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн күйүктөн, котурдан жана монилиоздук чирүүдөн коргоо үчүн *Streptomyces diastatochromogenes* SK-6 штаммына патент алынган. Мындан сырткары топурактын күрдүүлүгүн жогорулатуу максатында, жашылча жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрүнүн илдеттерине каршы колдонууга сунуштар берилген. Документтер туура түзүлгөн. Каттоо документтери боюнча диссертацияда келтирилген изилдөөнүн

натыйжалары аткарылган изилдөөнүн көлөмүнө толугу менен шайкеш келет.

КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжасында комиссия Бектурганова Бааркул Шаршенбековнанын «Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү» деген темадагы диссертациялык иши боюнча алгачкы документация фактылык далилдерге ылайык туура түзүлгөн деп жыйынтыктайт. Аткарылган изилдөөлөрдүн аныктыгы ишгин бардык көлөмүн толук чагылдырган алгачкы документтерди каттоонун тууралыгын жана автордун жеке салымын тастыктайт.

Эксперттик комиссиянын курамы:

Биология илимдеринин доктору, профессор А. Т. Канаев

Биология илимдеринин кандидаты, доцент У. Дж. Мырзабекова

Биология илимдеринин кандидаты, доцент А. Т. Аргынбаева

Диссертациялык кеңештин эксперттик топтун

мүчөлөрүнүн колун тастыктайм:

Д 03.23.685 кеңешинин илимий катчысы

медицина илимдеринин кандидаты, доцент И. Ш. Алыджамбаева

22.05.2025

Общий отдел

Подпись ________________ заверяю

И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА